| | | | |
|---|---|---|---|
| | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**<br>**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**<br>**АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**<br>**АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН ЭМГЕКТИ КОРГОО, ӨРТ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИ БОЮНЧА НУСКАМАЛАР** | | **СМС**<br>**КП. УН- 3.18** |
| ***Чыгарылыш 1*** | ***Өзгөртүү 0*** | ***Экземпляр № 1*** | ***Барак30 / 1*** |

**БЕКИТЕМИН**
С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин директору ______ Жаныбек у Р.
“ 8 ” ______ 20__-жыл

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН ЭМГЕКТИ КОРГОО, ӨРТ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИ БОЮНЧА НУСКАМАЛАР

**Техникалык коопсуздуктарды сактоону уюштуруу жана нускамалар**

Колледждин окуттуучуларынын, жана техникалык кызматчылардын арасында өз убагы менен техникалык коопсуздук, өндүрүштун санитариясы, өрттү болтурбоо жана андан сактануу, эмгекти коргоо боюнча эрежелерди окутууну уюштуруу.

"Эмгекти коргоо боюнча уюмдун жумушчуларын окутуу жана эмгекти коргоо талаптары боюнча билимдерин текшерүү тартиби жөнүндө жобонун" негизинде.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 5-апрелиндеги №225 токтому менен бекитилген, жобонун талабында ылайык инструктаждардын мүнөзү жана өтүү убактысы боюнча төмөнкүлөргө бөлүнөт:

1) алгачкы инструктаж;
2) биринчи жумуш ордундагы;
3) кайталанма;
4) пландан тышкары;
5) максаттуу;

Төмөндө инструктаждардын толук мааниси.

Алгачкы инструктаж эмгекти коргоо (коосуздук техникасы) боюнча бирөөнө милдеттендирилген адам өткөрөт.

Билимине, мына ушул кесипте же кызматта иштеген стажына карабастан маалымат, жумушка жаңы кабыл алынып жаткандардын баары, ошондой эле командировкага келгенедер, өндүрүштүк окууга же практикага келген окуучулар, студенттер эмгекти коргоо кабинетинде өтүлүүгө тийиш.

Алгачкы инструктаждын өтүлүшү жөнүндө эмгекти коргоо боюнча алгачкы инструктажды каттоочу журналга жазып коюшат ( үлгүнү кара).

Анда инструктаж бергендин жана инструктаж алгандын колу коюлат жана Т-1 формасындагы документке жумушка алынгандыгы жөнүндө жазып коюлат. Алгачкы инструктажды эмгекти коргоо жөнүндөгү мыйзамдын негизинде жүргүзүлөт. Ал инструктаж ар бир адистиктердин эрежелерин сактоо менен плакаттарды, роликтерди, фильмдерди колдонуу аркылуу болушу керек. Негизинен окутууну жүргүзүү атайын жабдылган кабинеттерде өткөрулушү талапка ылайык.

Жаңы кабыл алынган кызматчыларга жана жумушчуларга алгачкы инстуктажды өткөрүүдө атайын план-долбоор тузүп төмөндөгүдөй суроолорго көңүл буруу зарыл, алар:

-Колледж, жөнүндө маалымат, анын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү

-эмгекти коргоодогу мыйзамдарда каралган жумуштун режими, жумуштун түрүнө карай берилүүчү жеңилдиктер;

-өндүрүштө колдонулуучу техкаражаттар;

-иштеги жана инструкциянын эрежесин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик;

-өндүрүштө жана окуу убагында жолугуп калуучу коркунучтуу жана зыяндуу таасирлер;

-Колледжте же , ичте жана сыртта иштөө убагында кызматкерлерге коюлган талап;

-коопсуздуктун жалпы талабы , өндүрүштүн санитариясы жана өздүк тазалык;

-кокустук кырсыктарды жана өрттүн чыгуусун болтурбоочу чаралар жана каражаттар;

-окуу мезгилинде , ичте же сыртта , иштөө убагында кызматчыларга койулган жалпы талап;

-өздүк коргоонуучу каражаттардын берилүүчү өлчөмү, тартиби жана колдонулуучу мөөнөтү.

-кокустан болгон кырсыктарды териштирүү жана изилдөөнүн тартиби, жаракат алып калган же майып болгон адамдарга жардам берүүнүн укуктук кепилдиктери, биринчи медициналык жардам көрсөтүү кырсык учурунда кызматкерлердин аракеттери жана ушул сыяктуу суроолор.

**Алгачкы инструктажды каттоочу**
**Журнал**

**Башталышы________________________________ 20 - жыл**
**Бүткөнү __________________________________ 20 - жыл**

| Инструктаж өткөн убагы | Инструк-таж алган Адамдын фамилясы | Туулган жылы | Инструктаж алган адамдын адистиги, кызматы | Инструк-таж алган Адамдын Өндүрүштук тармактын аталышы | Инструк-таж берген Адамдын А.А.а | Колу Инстр-уктаж Берүү-чүнүкү | Колу Инстру-ктаж Алууч у-нуку |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

**Биринчи жумуш орундагы инструктаж**.

Алгачкы инструктажды өткөндөн кийин жүргүзүлөт, аларга практика жүзүндө эмгектин коопсуз ыкмаларын ошол өндүруштүн шартын эсепке алып үйрөтүү керек.

Эгерде жабдууларды тейлөө, сыноо, жөнгө салуу жана оңдоо, асппаптарды пайдалануу , сырьелорду жана материалдарды сактоо менен байланышкан иштеги жумушчуларга жумуш ордундагы биринчи инстуктаж өтүлбөйт. Бул суроону ошол Колледжтин жетекчиси профсоюз комитети менен макулдашып бекитет. Биринчи жумуш ордундагы инструктажды өтүп жаткан кызматкер төмөнкү суроолорго көңүл бурууусу тийиш,алар:

-өндүрүш участогундагы, ошол жумуш ордундагы жабдуулар жана технологиялар жөнүндө жалпы маалыматты;

-ушул технологиялык жүрүштө пайда болуучу негизги коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүштүк кырдаалдарды;

-жумуш ордун коопсуздукта кармоо жана уюштурууну;

-механизмдердин, аспаптардын, техкаражаттардын коркунучтуу жайлары (орундары);

-ишке даярдоонун тартибин (жабдуулардын, ишке киргизүүчү аспаптардын, жабдыктардын, обочолоткучтардын, жердештиргичтердин ж.б. коргоочу каражаттардын оңдугун текшерүү);

-электр тогуна урунууну эскертүү боюнча талаптарды;

-жумуштун коопсуз ыкмалары жана жолдору, коркунучтуу жагдайдын пайда болушундагы иш аракеттерди;

-жумуш ордундагы сактоочу өздүк каражаттар жана адарды пайдалануунун эрежесин;

-Колледжтин, керектүү инвентарларды жана ар кандай жүктөрдү ташууда жана жүктөп түшүрүү жумуштарында коопсуздуктун талаптарын;

-талкаланууну, жарылууну, өрттү болтурбоонун иш чаралары, талкаланууда, жарылууда, өрттө кызматкерлердин милдеттерин жана иш аракеттерин;

-талкаланууга каршы сактоочу жана белги берүүчү, өрт өчүрүүчү ушул участоктогу болгон каражаттарды колдонуунун ыктары, алардын жайгашкан ордун.

**Кайталанган инстуктаж:**

Алты айдан кем эмес иштегенден кийин бардык кызматчылар билимине, ишинин мүнөзүнө, иштеген стажысына карабай өтүшөт.

Инструктаждын максаты-бир кесиптеги кызматкерлердин өзүнчө айрым, же топ-тобу менен эмгекти коргоо боюнча инструктаждардын эрежелерин канчалык биле тургандыгын текшерүү жана ал билим деңгээлин жогорулатуу.

**Пландан тышкаркы инструктаж:**

Бирдей эле кесиптеги ишти аткарган кызматчылар менен жекеме-жеке өзүнчө, же топ-тобу менен өткөрүлөт.

Бул инсруктаждын мазмууну жана көлөмү аны өткөрүү зарылдыгын туудурган жагдайга жана себептерге байланыштуу, мисалы:

-иш аракетке эмгекти коргоо боюнча жаңы же кайрадан иштелип чыккан стандарттарды, эрежелерди, жолдомолорду жана аларга толуктоолорду киргизгенде;

-технология өзгөргөндө, эмгек коопсуздугуна таасир этүүчү жабдуулар жана аспаптар жана лабароториялык ишке колдонуучу каражаттар өзгөргөндө жана алмаштырылганда;

- майып болууга, талкаланууга, жарылууга , өрттөнүүгө же ууланууга алып келген же алып келе турган эмгектин коопсуздугунун талаптарын жумушчулар бузганда;

-көзөмөл органдардын талабы боюнча.

**Максаттуу инструктаж**

Түздөн -түз жетекчилер кесиби боюнча түз милдеттерине байланышпаган бир жолу аткарылуучу жүктөө, түшүрүү, аймакты тазалоо жана Колледжтен тышкары жерде бир жолу аткарылуучу жумуштарда, талкаланууну, табигый жана катастрофаларды жоюуда, жол берүү буйругу (наряды) же уруксат берүүчү башка документтер толтурулуучу жумушту аткаруунун алдында өткөрүлөт.

Максаттуу инструктажды негизинен Колледжтин жетекчиси өзү өткөрөт же болбосо атайын комиссиянын астында эмгек коопсуздугу боюнча окуган жогорку билимдүү бир

кызматкерге тапшырат. Комиссияны атайын райондук профсоюз комитети же болбосо ошол жердик өзүн-өзү башкаруу мекемелери уюштурат.

**ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА ТЕХ. КЫЗМАТКЕРЛЕР ҮЧҮН КӨРСӨТМӨЛӨР:**

**1. Эмгекти коргоо жана коопсуздукту сактоо боюнча ТКтерге коюлуучу жалпы талаптар:**

1.1. Эмгекти коргоо жана техникалык-коопсуздук эрежелеринин инструкциясынан өткөн адам ТК болуп алынат;

1.2. ТК Колледжтин ички тартибин, режимин, Колледжтин уставын, эмгекти коргоо боюнча ушул инструкцияны дайыма сактоо милеттүү;

**2. Жумуш башталаар алдында ТК үчүн коопсуздук талаптары.**

2.1. ТК администрация тарабынан берилген ишти аткарууга милдеттүү;

2.2. ТК атайын спец кийимди кийет;

2.3. Бекитилген аймактарды кароого милдеттүү, ачык люктарды, кудуктарды жабууга атайын кызматтарды чакырууга милдеттүү;

2.4. Ачык люктар болсо, администрацияга билдирүү керек. Ошол жерге белгилерди коюу керек;

2.5. Өрт өчүрүүчү шаймандар (күрөк, кетмен ж.б.) текшерет;

2.6. Күрөк, кетмен щитте дайыма болуш керек.

**3. Жумуш мезгилинде ТК аткаруучу милдеттер жана коопсуздук талаптар.**

3.1. Жумуш мезгилинде башка иштер менен алек болбоо;

3.2. Белгиленген аймакты эл келгенче тазалоо;

3.3. Үзүлгөн же ачылган электр проводдоруна тийишпөө. Электр травмасынан сактануу;

3.4. Сынган айнектерди кол менен кармабоо; (күрөк, калак менен жыйноо)

3.5. Эл келе турган жолго мусор таштабоо керек. Мусорду атайын белгиленген жерге таштоо;

3.6. Бекитилген аймакты дайыма таза кармоо;

3.7. Кышында белгиленген аймакты дайыма тазалоо;

3.8. Муздуу, тайгак жерлерге кум чачуу;

3.9. Эркектер 50 кг, аялдар 15 кг ашык жүк ташыбоо керек;

3.10. Жай мезгилинде аймакка суу чачып туруута;

3.11. Мусорлорду люктарга, каналдарга таштоого болбойт;

**4. Авариялык абалда ТКга коюлуучу талап.**

4.1.Кокустук болгондо биринчи медициналык жардам берүү, тез жардам чакыруу;

4.2. Кокустук болгондо чарба жетекчисине билдирүү;

**5. Жумуш мезгили аяктаганда ТКге коюлуучу талаптар.**

5.1. Эмгек инвентарларын өз ордуна коюуга;

5.2. Белгиленген аймактагы эскертүүлөрдү чарба жетекчисине билдирүү;

## ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА ТАЗАЛООЧУ ҮЧҮН КӨРСӨТМӨ.

### 1. Коопсуздукту сактоо жөнүндө эмгекти коргоо боюнча ТАЗАЛООЧУга коюлуучу талаптар.

1.1. Тазалоочулук кызматка 18 жаштан кем эмес коопсуздукту сактоо, эмгекти коргоо боюнча көрсөтмө жана медициналык кароодон өткөн, ден соолугу таза жаран кабыл алынат;

1.2. Тазалоочу ички эмгек тартибин бекем сактоого, эмгек режимин так аткарууга жана эс алууга милдеттүү;

1.3. Өзүнө бөлүнүп берилген аймакты талапка ылайык тейлөө. Ар кандай кокустуктардан (кесип алуу, тайгалануу, бийиктиктен кулап кетүү, аллергиялык каражаттардан ж.б.) сак болууга;

1.4. ТАЗАЛООЧУ атайын кийим: резинка колкап, халат менен камсыз болот.

1.5. Санузель (туалет) үчүн өзүнчө инвентарлар керек (швабра, тряпка, шётка, чака ж.б)

1.6. Тазалоочу өрт чыккан учурда өрткө каршы күрөшүүнүн эрежелерин сактоо менен өрт өчүрүүчү шаймандардын (огнетушитель) аптечка жана эвакуациялык жолдорду билүүгө тийиш;

1.7. Кокустук болуп калса директорго же чарба жетекчисине билдирүү керек.

1.8. Жумуш мезгилинде Тазалоочу өздүк гигиенаны сактоо менен белгиленген аймакты таза кармоо керек;

1.9. Тазалоочу көрсөтмөлөрдү аткарбаса ички тартип режиминин негизинде дисциплиналык жазага тартылат;

### 2. Жумуш башталаардын алдында ТАЗАЛООЧУга эмгек тартибин коргоо боюнча коюлуучу талаптар:

2.1. Спец(атайын) кийимдерди кийүү, чачты кыска байлоо;

2.2. Иш ордун кароо, керектүү куралдардын өз ордунда болуусун көзөмөлдөө;

2.3. Жууй турган каражаттар, резина кол кап менен иштөө;

2.4. Пайдаланылуучу тряпкаларды өз орду менен пайдалануу. Аларды жууп, кургатып туруу;

2.5. Коопсуздукту сактоо максатында шаты менен иштөөдө анын бекемдигине көз салуу;

2.6. Чаң соргучту колдоноор алдында (анын электркабелин, розетканы, вилканы) кароо. Эгер кандайдыр бир шектенүүлөр болсо (ашыкча үн) анда аппарт оңдолмойунча аны иштетүүгө болбойт;

### 3. Эмгекти коргоо боюнча жумуш мезгилинде тазалоочуларга коюлуучу талаптар.

3.1. Администрация тарабынан гана белгиленген убакта уборка жүргүзүү;
3.2. Уборка мезгилинде тез күйүүчү заттарды (керосин, ацетон, бензин) ж.б. суюк заттарды пайдаланбоо;
3.3. Электр тогу бар приборлорду (розетка, включатель) ж.б. нымдуу чүпөрөк менен сүртпөө керек;
3.4. Мусор чыгарууда атайын калак, щётка, шыпыргы колдонуу;
3.5. Техничканын бут кийми жалпак, арты жабык болуш керек жана тайгалак болбошу керек;
3.6. Дубалды, терезени, паталокту сүрткөндө бышык шатыларды колдонуу заарыл. Көзөмөлдөп коргой турган эки адам болушу керек;
3.7. Суу кол менен электрприборлорду кошууга болбойт. Шнур, розеткадагы вилкаларды этияттык менен ток булагынан ажыратуу керек;
3.8. Санузель (туалет) тазалоочу шаймандарды (швабра, шыпыргы, калак, тряпка, резина кол каптарды) башка бөлмөлөрдү тазалоо үчүн колдонууга тыюу салынат;
3.9. Бөлмөлөрдү желдетүүдө терезелерди ачууда этият болуу;
3.10. Дезинфекциялоочу каражаттарды колдонууда Тазалоочу төмөндөгүлөрдү эске алуусу зарыл:

- ✓ Саламаттыкты сактоо мекемеси тарабынан сунушталган гана каражаттарды колдонуу;
- ✓ Белгиленген температурада , белгиленген өлчөмдө концентрацияны кошуу (50 ° с ашпашы керек);
- ✓ Жуучу каражаттардын колдонууда көзгө, териге чачырашынан сактануу керек;

**4. Эмгекти коргоо боюнча авариялык учурда Тазалоочуга коюлуучу талаптар.**

4.1. Көзгө дизенфекциялык каражаттар чачыраса, көздү таза суу менен жууп, Колледжтин медайымына кайрылуу керек;
4.2. Кол териси жаракат алса самындап жууп, колго сүйкөөчү каражаттарды (крем) колдонуу керек;
4.3. Кокус травма алса тезинен биринчи медициналык жардам көрсөтүү менен Колледж администрациясына билдирүү зарыл, тез жардам чакыруу менен оруканага жеткирүү керек;
4.4. Өрт чыккан мезгилде Колледж директоруна билдирүү менен жакын аймакта жайгашкан өрт өчүрүүчү мекемеге билдирүү 101ге чалуу керек. Бекитилген планга ылайык окуучуларды ыкчам эвакуациялоо керек;
4.5. Капысынан ооруп калса, же өзүн жаман сезип турса, жумушка киришпестен чарба иштери боюнча директордун орун басарына (завхозко) кайрылуу керек;

**5. Эмгекти коргоо боюнча жумуш бүткөн учурда Тазалоочуга коюлуучу талаптар.**

5.1. Жумуш бүткөн мезгилде колдонулган каражаттарды (инвентарларды) атайын тазалоочу жерде жууп тазалоо;

5.2. Атайын (спец) кийимдерди жана жеке коргоочу каражаттарды чечүү;

5.3. Колду аябай самындап жууп кереги тийген маалда крем менен майлоо;

5.4. Жарыкты өчүрүү жана имаратты бекитүү;

## ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА ИНФОРМАТИКА ОКУТУУЧУЛАРГА КӨРСӨТМӨ.

**I Жалпы коопсуздук боюнча информатика окутуучуларга коюлуучу талаптар:**

1. 18 жашка толгон, керектүү педагогикалык билими бар, медициналык кароодон өткөн адамдар жумушка кабыл алынат.
2. Информатика окутуучусунин милдеттери:
   - Өзүнүн кызматтык милдеттерин, эмгекти коргоо боюнча инструктаждарды, техникалык коопсуздук эрежелерин, информатика кабинетинде техникалык коопсуздук жана өрт коопсуздугу боюнча инструкцияны билүү керек;
   - Иш орду жөнүндө алгачкы (кириши) инструктажын өткөрүү;
   - Иш үстүндө ички эмгек тартиптерип эрежелерин жетекчиликке алууга;
   - Эмгек жана эс алуу графигин билүүгө;
   - Компьютер менен иштөөдө техникалык коопсуздук эрежелерин жана эмгекти коргоо жөнүндө жоболорду сактоо;
3. Информатика кабинетинде болуучу травмалык кокустуктар:
   - Компьютер, принтер ж.б. техникалык каражаттарды ток булагына кошкон учурда;
   - Иштеп жаткан мониторлордон чыгуучу элктро магниттик нурдануу;
   - Компьютерлерди (перифериялык) түзүлүштөрдү оңдоодо техникалардын күйүшү;
4. Жараат (травма) алган учурда Колледж администрациясына билдирүү;
5. Компьютер менен иштөөдө техникалык коопсуздук эрежелерин жана коюлган талаптарды сактоо;
6. Бузулган аппаратураларды жана кошумча жабдыктарды лабораториялык кабинетте сактоо;
7. Кабинеттин терезелери темир тор менен тосулуусу зарыл;
8. Эшикти темир менен каптоо;
9. Жасалма желдеткичтерди коюу же желдетүүчү аппаратураларды орнотуу;
10. Иштеп жаткан баардык аппаратураларда токту жерге кийрүүчү зымдын болушу (заземление) ;
11. Аппаратураларды оңдоо иштерин окуучулар жок кезде жүргүзүү;

12. Эмгекти коргоо б-ча коюлган талаптарды аткарууда жоопкерчиликсиз мамиле кылганы үчүн (административдик, материалдык кылмыш) жазасына тартылат;

**II.Эмгекти коргоо боюнча жумуш башталар алдында информатика окутуучусуна коюлуучу талаптар.**

- ✓ Кабинеттеги электр жарыктарынын оң экендигин текшерүү;
- ✓ Компьютерлердин ж.б. техникалык каражаттардын оң экендигин жана иштөөгө даяр экендигин текшерүү;
- ✓ Иш орундарынын коопсуздугун текшерүү;
- ✓ Аппаратуранын иштешин жөнгө салуу; (регулировкалоо)
- ✓ Кабинетти көзөмөлдөө;

**III .Эмгекти коргоо боюнча жумуш учурунда информатика окутуучусуна коюлуучу талаптар.**

- ✓ Өздүк коопсуздукту сактоо;
- ✓ Өзүн жаман сезип турса же жарык жетишсиз болсо жумушту баштабоо;
- ✓ Иш учурунда ирээттүүлүктү жана тартипти сактоо;
- ✓ 15-20 мүнөт сайын көзгө атайын көнүгүүлөрдү жасоо;
- ✓ Иш учурунда техникалык коопсуздук эреженин сакталышын көзөмөлдөө;
- ✓ Санитардык-гигиеналык эрежелердин сакталышын көзөмөлдөө;
- ✓ Бузулган (аппаратураларга ж.б. ) каражаттарга окуучуларды жолотпоо;
- ✓ Окуучуларды жана иштеп жаткан аппаратураларды кароосуз таштабоо;

**IV .Кырсык (авария) болгон учурда техникалык коопсуздук боюнча коюлуучу талаптар.**

- Кырсык болгон учурда окуучуларды эвакуациялоо боюнча чараларды көрүү;
- Өрт чыккан учурда администрацияга билдирүү, 101ге чалуу;
- Иштеп жаткан аппаратураларды ток булагынан ажыратуу;
- Кырсыкка каршы иш чараларды көрүү;
- Жараат алгандарга биринчи медициналык жардам көрсөтүү;
- Окуучу кокусунан ооруп калса медайымды чакыруу менен ата-энесине билдирүү;

**V.Эмгекти коргоо боюнча жумуш бүткөн учурда информатика окутуучусуна коюлуучу талаптар.**

- Компьютер, принтер жана башка техникалык каражаттарды өчүрүү;
- Таза, жумшак чүпөрөк менен аппаратураларды, дисплейлерди сүрүп тазалоо;
- Иш орундарынын абалын текшерип чыгуу;
- Кабинетти тазалоо мезгилинде нымдуулукту көзөмөлдөө.
- Аппаратуралардын иштешин жөнгө салуу;
- Колду самындап жуу;
- Иш учурундагы чыккан кемчиликтерди администрацияга билдирүү;

**ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА БИОЛОГИЯ ОКУТУУЧУЛАРЫ ҮЧҮН НУСКАМА:**

**1.Эмгекти коргоо боюнча биология окутуучусу үчүн жалпы шарттар жөнүндө көрсөтмөлөр:**

Биология окутуучусунун иш орду биология кабинети. Биология кабинети 2- этажда болот. Кабинеттин терезелери түштүктү карайт. Биология кабинетинин аянты талап боюнча ___ кв.м жана ___кв.м болот.Лабораторияда суу болуш керек. Биология кабинетинде окуучулар ___шт.стол,___шт.стул менен жайланышат.Кабинеттеги гүлдөр зыяндуу,уулуу,аллергия чакыруучу гүлдөр болбошу керек.Кабинетте аптечка болушу зарыл.Анда бинт,вата,йод,перекись водород,2% аш содасы, валерианка болот.

**БИОЛОГИЯ окутуучусу жумушка киришүү үчүн:**

А)Мугалим алгачкы инструктаждан окуучуларды эмгекти коргоо,практикалык иштерди аткарууда тийиштүү журналдарга каттоого алуу,эмгекти коргоо боюнча суроолорду өткөрөт.

Б)Атайын жогорку билимдүү.

В)6 айда 1 жолу медициналык кароодон өткөн медициналык китепчеси болууга тийиш.

Г)Ар бир 3 айда эмгекти коргоо боюнча инструктаждан өтүү.

**БИОЛОГИЯ окутуучусу жооптуу:**

- Коркунучсуз окуу-тарбия процессин жүргүзүүгө;
- Окуу-тарбия процессинде окуучунун өмүрүн жана ден соолугун сактоого;

**БИОЛОГИЯ окутуучусу милдеттүү**:

- Эмгекти коргоо,техникалык коопсуздук жана өрт коопсуздугу боюнча биология кабинетиндеги инструкцияларды билүүгө;
- Колледж директоруна ар кандай кокустуктар болсо билдирип турууга;
- Жаракат алгандарга медицинага чейинки биринчи жардам көрсөтүүгө;
- Керектүү учурда атайын медициналык жардам көрсөтүүгө;
- Окуучуларды өрт жана башка авариялык мезгилдерде эвакуацияны уюштурууга;

БИОЛОГИЯ окутуучусу өздүк санитардык гигиенаны сактоого жана аны окуучулардан талап кылууга милдеттүү.

БИОЛОГИЯ окутуучусу зыяндуу,коркунучтуу заттарды билүүгө милдеттүү (өзгөчө практикалык-лабораториялык иштерде).

А)кислоталар,шелочтор жана химиялык күйүктөр;

Б)бат күйүп кетүүчү заттар;

В)лабораториялык куралдар менен кесүү,ийне саюу;

Г)уулуу өсүмдүктөр,козу карындардан уулануудан сактануу;

Д)өздүк гигиенаны туура сактабаганда жана жаныбарлар менен иштөөдө инфекциялык ооруунун жугуусунан этият болуу;

БИОЛОГИЯ окутуучусу тажрыйба жүргүзүүдө, практикалык иштерди жүргүзүүдө атайын кийимдерди (ак халат)кийип аткарууга милдеттүү:
БИОЛОГИЯ окутуучусу экскурсияда,тажрыйбалык иштерди жүргүзүүдө,биологиялык участокто иштөөдө окуучулардын коопсуздугун камсыз кылат.

2. **Биология окутуучусунин жумуш башталганга чейинки коопсуздук талаптары:**

2.1.Сабак баштаардын алдында БИОЛОГИЯ окутуучусу текшерет:
А) окуучулардын орундуктарынын сакталышын;
Б) шкафтагы жабдыктардын жыйнактуулугун;
В) лабораториялык жабдыктардын болушун;
Г) электросеть:розетка,выключателдердин иштөөсүн;
Д) аптечкаларды , өрт өчүргүчтөрдү ж.б.
Е) айнектеги химиялык реактивдердин этикеткаларынын туура келишин;
2.2.Лабораториялык иштерди жүргүзүү учурунда алдын ала окуучуларга коопсуздук инструктаж өтүү керек.
2.3.Жабдуулар туура эмес болсо директорго билдирүү керек.

**3.Жумуш мезгилинде биология окутуучусуна коюлуучу коопсуздук талаптар:**

3.1. БИОЛОГИЯ окутуучусу эксперимент ,практикалык иштерди жүргүзүүдө окуучулар менен эмгекти коргоо жана коопсуздук эрежелери боюнча инструктаж өткөрөт;
3.2. БИОЛОГИЯ окутуучусу окуучуларды лабораториялык,практикалык иштөө учурунда кароосуз калтырбоо,окуучулардын иштөө ордун көзөмөлдөп турууга;
3.3. БИОЛОГИЯ окутуучусу окуучулардын эксперименттерди жүргүзүүгө тиешеси жок заттарды алып келүүлөрүн көзөмөлдөйт;
3.4. БИОЛОГИЯ окутуучусу кабинетте эксперименттик иштер жүрүп жаткан мезгилде чоочун адамдын кирүүсүн көзөмөлдөйт;
3.5. БИОЛОГИЯ окутуучусу кабинетке тамак-аш,суусундуктарды алып келүүгө тыюу салат;
3.6. БИОЛОГИЯ окутуучусу окуучулардын химиялык реактивдерди колу менен кармоого алардын даамын татууга болбой тургандыгын көзөмөлдөйт;

**4.Жумуш аяктаган мезгилде биология окутуучусуна коюлуучу коопсуздук талаптар:**

4.1. БИОЛОГИЯ окутуучусу практикалык,лабораториялык иштер бүткөндөн кийин кабинеттеги жабдууларды көзөмөлдөйт жана окуучуларда калган заттарды ,реактивдерди чогултуп алат;
4.2.Эгерде эксперимент микроскоп,микропрепараттар менен жүргүзүлсө мугалим аны окуучулардан сырткаркы сактоочу жайга коюу керек.

4.3.Эгерде эксперимент гербарийлер менен жүргүзүлсө биология окутуучусу окуучулардын гербарийлерин чогултуп алып,аларды атайын коробкаларга сактоо керек;

4.4.Эгерде эксперимент көрсөтмөлүү нымдуу препарат менен жүргүзүлсө , окуучулардан сырткары герметикалык жайда сакталышын көзөмөлдөйт;

4.5.Эксперимент бүткөндөн кийин окуучулар иш орундарын ирээтке келтирүүсүн көзөмөлдөйт;

4.6. БИОЛОГИЯ окутуучусу окуучулардын колун самын менен жуушун көзөмөлдөйт;

**5.Авариялык мезгилдерде БИОЛОГИЯ окутуучусуна коюлуучу коопсуздук талаптары:**

5.1.**БИОЛОГИЯ кабинетиндеги авариялык жагдайдын белгилери:**

- ✓ Жөтөлдү пайда кылган жагымсыз жыттын пайда болушу;
- ✓ Нымдуу препараттын жагымсыз жыты;
- ✓ Спиртовканы туура эмес пайдаланууда,бат күйүүчү заттардын жана электросеттин бузулушунан өрт чыгуусу мүмкүн;

**5.2.Жагымсыз жыт сезилсе:**

А) Окуучуларды кабинеттен коркунучсуз жерге жайгаштыруу;

Б) Жагымсыз жыт чыгыш үчүн терезелерди ачып желдетүү керек;

В) Жаман жыт тараткан обьектини коркунучсуз кылуу;

Г) Спиртовканы атайын капкактар менен жаап бекитүү;

**5.3.Өрт өчүрүүдө кыймыл-аракеттер:**

А)Спирт күйө баштаса спиртке кычкылтектин келишин токтотуу керек,ага асбест,кум,кийиз пайдаланылат;

Б) Сууда эрибей турган заттардан өрт чыкса ,сууну пайдаланбай кум,асбест,кийиз пайдалануу керек;

**5.4.Электр проводордон өрт чыкса:**

А)Электросеттен токту ажыратуу;

Б)Буюмдар күйсө кычкылтектин келишин токтотуу үчүн кум,кийиз жана өрт өчүргүчтү пайдаланылат;

**5.5.Авариялык жагдай пайда болсо:**

- ✓ Колледж администрациясына билдирүү;
- ✓ 101 телефонуна чалып,өрт өчүрүү кызматына билдирүү;
- ✓ Окуучуларды эвакуациялоого кам көрүү;
- ✓ Электросетти өчүрүү;

**6. Биринчи жардам көрсөтүүдө БИОЛОГИЯ окутуучусуне коюлуучу талаптар:**

*6.1.Сөөк сынганда берилүүчү биринчи жардам:*

А) Кабыргалар сынганда,жабыркаган адамга өпкөсүндөгү демди колдон келишинче чыгарып,андан кийин терең эмес үстүртөн дем алууга ыңгайлаштырып,көөдөндү бек таңышат.

Б)Омуртка тутуму сынган адамды түптүз катуу жерге көмкөрөсүнөн жаткырып,тез жардам чакыруу керек.Кырсыктаган адамды отурган абалда таууга болбойт,жүлүнгө доо кетиши мүмкүн.

В)Баш сөөгү сынган адамды чалкасынан жаткырып,мээге кан куюлуп кетпес үчүн анын башын бир аз өйдөлөтүп,тез жардам чакыруу керек.

Г)Ачык сыныкта кандын акканын токтотуп,жаратты тазалап,таза бинт же материал менен таңып,шакшак коюп,доо кеткен жерди кыймылдатпаш керек.

*6.2.Электр тогу урганда берилүүчү биринчи жардам:*

А) Рубильниктин жардамы менен электр тогун өчүрүү,кургак чүпөрөктүн жардамы менен жабыркаган адамдан электр проводдорун алып салуу;

Жардам берүүчү өзүн да коркунучсуз кылып алуусу керек:колун кургак чүпөрөк менен ороп,кургак тактайдын же калың резинанын үстүнө туруу;

Б) Күйгөн жерди кургак чүпөрөк менен таңуу;

В) Жылуу суусундук берүү;

Г) Дем алуусу токтоп калса,жасалма дем алдыруу керек;

*6.3.Муундун чоюлушуна жардам берүү:*

А) Ал жерге муздак сууга салынган сүлгү,кар же муз басуу керек;

Б) Жылбай тургандай кылып катуу таңуу зарыл;

*6.4.Эстен танганда:*

А) Жабырлануучуну тизесин бир аз бүктүрүп ,чалкасынан жаткыруу ;

Б) Таза аба менен дем алдыруу ;

В) Жакасын,курун бошотуу;

Г) Нашатрь спиртин жыттатуу;

Д) Жабырлануучу эсине келгенден кийин ысык суусундук берүү;

*6.5.Теринин күйүшү:*

А) Күйүп жаткан кишиге жууркан,пальто жаап жалынды өчүрүү;

Б) Кийимди чечүү;

В) Күйгөн жерге муздак сууну куюу;

Г) Күйгөн жерге спиртке же аракка ж.б.чыланган салфетка менен компресс кылуу;

Д) Жабырлануучуга ысык чай берүү;

*6.6.Тамакка ууланганда:*

А) Уукан адамга бир нече литр суу берүү;

Б) Жабырлануучуну кустуруу;

В) Ич алдыруучу порошок берүү;

Г) Ысык чай берүү;

*6.7.Мээ чайкалганда:*

А) Башын бир аз көтөрүп,чалкасынан жаткыруу;

Б) Башына муз басуу;

*6.8.Кан агуудагы биринчи жардам:*

А) Кан аккан жерди өйдө көтөрүү;
Б) Катуу таүуу;
В) Артериядан аккан канды токтотуу үчүн кан аккан жердин жогору жагынан бармак менен катуу басуу;
Г) Кан аккан жерди бекем бууп салыш керек;
*6.9.Мурундан аккан канды токтотуу үчүн*:
А) Таза абага алып чыгуу; Б) Башты чалкалатуу;
В) Мурундун тегерегине муздак басуу; Г) Перекись водородго чыланган ватаны мурун көңдөйүнө салуу;
*6.10.Ички органдардан кан акса:*
А) Жабырлануучуну чалкасынан жаткырып,тизе тушка одеал же кийимдерден коюп бийиктетип жаткыруу;
Б) Кан агышынан шектенген жерлерге муздак нерсе басуу керек;

## ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА ЖАБЫРЛАНУУЧУЛАРГА КӨРСӨТҮЛҮҮЧҮ БИРИНЧИ ЖАРДАМ:

**1.Сөөк сынганда берилүүчү биринчи жардам:**
А) Кабыргалар сынганда, адамга өпкөсүндөгү демди колдон келишинче чыгарып,андан кийин терең эмес үстүртөн дем алууга ыңгайлаштырып,көөдөндү бек таңышат.
Б) Омуртка тутуму сынган адамды түптүз катуу жерге көмкөрөсүнөн жаткырып,тез жардам чакыруу керек.Кырсыктаган адамды отурган абалда таңууга болбойт,жүлүнгө доо кетиши мүмкүн.
В) Баш сөөгү сынган адамды чалкасынан жаткырып,мээге кан куюлуп кетпес үчүн анын башын бир аз өйдөлөтүп,тез жардам чакыруу керек.
Г) Ачык сынкта кандын акканын токтотуп,жаратты тазалап,таза бинт же материал менен таңып,шакшак коюп,доо кеткен жерди кыймылдатпаш керек.
**2.Электр тогу урганда берилүүчү биринчи жардам:**
А) Рубильниктин жардамы менен электр тогун өчүрүү,кургак чүпөрөктүн жардамы менен жабыркаган адамдан электр проводдорун алып салуу;
Жардам берүүчү өзүн да коркунучсуз кылып алуусу керек:колун кургак чүпөрөк менен ороп,кургак тактайдын же калың резинанын үстүнө туруу;
Б) Күйгөн жерди кургак чүпөрөк менен таңуу;
В) Жылуу суусундук берүү;
Г) Дем алуусу токтоп калса, жасалма дем алдыруу керек;
**3.Муундун чоюлушуна жардам берүү:**
А) Ал жерге муздак сууга салынган сүлгү,кар же муз басуу керек;
Б) Жылбай тургандай кылып катуу таңуу зарыл;
**4.Эстен танганда:**
А) Жабырлануучуну тизесин бир аз бүктүрүп ,чалкасынан жаткыруу ;

Б) Таза аба менен дем алдыруу ;
В) Жакасын,курун бошотуу;
Г) Нашатрь спиртин жыттатуу;
Д) Жабырлануучу эсине келгенден кийин ысык суусундук берүү;

**5.Теринин күйүшү:**
А) Күйүп жаткан кишиге жууркан,пальто жаап жалынды өчүрүү;
Б) Кийимди чечүү;
В) Күйгөн жерге муздак сууну куюу;
Г) Күйгөн жерге спиртке же аракка ж.б.чыланган салфетка менен компресс кылуу;
Д) Жабырлануучуга ысык чай берүү;

**6.Тамакка ууланганда:**
А) Ууккан адамга бир нече литр суу берүү;
Б) Жабырлануучуну кустуруу;
В) Ич алдыруучу порошок берүү;
Г) Ысык чай берүү;

**7.Мээ чайкалганда:**
А) Башын бир аз көтөрүп,чалкасынан жаткыруу;
Б) Башына муз басуу;

**8.Кан агуудагы биринчи жардам:**
А) Кан аккан жерди өйдө көтөрүү;
Б) Катуу таңуу;
В) Артериядан аккан канды токтотуу үчүн кан аккан жердин жогору жагынан бармак менен катуу басуу;
Г) Кан аккан жерди бекем бууп салыш керек;

**9.Мурундан аккан канды токтотуу үчүн:**
А)Таза абага алып чыгуу;
Б)Башты чалкалатуу;
В)Мурундун тегерегине муздак басуу;
Г)Перекись водородго чыланган ватаны мурун көңдөйүнө салуу;

**10.Ички оргaндардан кан акса:**
А) Жабырлануучуну чалкасынан жаткырып,тизе тушка одеал же кийимдерден коюп бийиктетип жаткыруу;
Б) Кан агышынан шектенген жерлерге муздак нерсе басуу керек;

**ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА ЭЛЕКТРИКТЕР ҮЧҮН КӨРСӨТМӨ:**

***1.Эмгекти коргоо боюнча электриктер үчүн жалпы жобо:***

1.1.Электрик болуп 18 жаштан жогору,кесиптик даярдыгы бар жаран боло алат.

- Электрик алгач инструктаждан өтөт;
- Медициналык кароодон өтөт;

- Коопсуздуктун методдору, электроустановкалар боюнча билим деңгээли текшерилет;
- Иш ордунан биринчи инструктаждан өтөт;
- Электр чыңалуусу 1000 В ашык болсо ремонтту ремонт-тармактар кызматкерлери менен иш жүргүзөт.1000 Вко чейин электрик иштесе болот.

1.2.Электриктин милдети:

1.2.1.Эмгекти коргоо,коопсуздук эрежелерин талапка ылайык аткарууга,өрт коопсуздук эрежелерин сактоо,ички тартип эрежелерин сактоого;

1.2.2.Жекече жана коллективдүү каражаттарды туура пайдалануу;

1.2.3.Кокустук болгон учурда тез арада зав.хозго билдирүү;

1.2.4.Мөөнөтү өткөн коргоо каражаттарын пайдаланууга болбойт;

1.2.5.Жабдууларды инструкциянын негизинде гана пайдалануу;

1.2.6.Өрт учурунда биринчи медицинага чейинки жардамды көрсөтөт, эвакуация үчүн башкы жана кошумча эшиктерди туура пайдаланууга милдеттүү;

1.2.7. Жаракат алгандарды колго көтөрүп алып чыгуунун эрежесин билүү;

1.2.8.Тез жардам,өрт өчүрүү кызматынын телефон номерлерин билүүгө (101,103)

1.2.9.Берилген тапшырманы так аткарууга ;

1.2.10.Жумуш ордун таза жана ирээттүү кармоого;

1.3.Ооруп же травма алып калса завхозго же Колледж директоруна билдирүү керек;

1.4.Кырсык болгон учурда жабырлануучуга мед.кызматкерлерин чакыруу;

1.5.Өрт чыкканын же күйүп жатканын байкаса:

- Тез арада өрт өчүрүү кызматына телефон чалуу, завхозго, директорго билдирүү;
- Өрт өчүрүүчү куралдарды топтоо;
- Өрт өчүрүүчү куралдар менен өрт өчүрүүгө киришүү;

1.6. Электрик иш ордунда турганда төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Термелүүчү тосмолорго олтурбоо;
- Тепкич менен чуркап чыкпоо жана түшпөө;
- Электр провод,кабелдерге кол тийгизбөө;
- Электросварканы көз айнексиз кармабоо;

1.7.Электр тогунда «Адам иштеп жатат» деген белги турса токту кошууга болбойт.Тыюу салынган белгини ар бир жаран билип,сакташы керек;

1.8.Аймактык территорияларда төмөнкү эрежени сактоо керек:

- Өтүүчү жолдор,тратуар менен басуу;
- Имараттан чыгууда транспорттун кыймылын байкоо;

1.9. Атайын жабдылган жерде тамактануу;

1.10.Спирт ичимдиктерин ичүүгө, наркотикалык заттарды пайдаланууга болбойт;

1.11.Өтө коркунучтуу факторлор болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

- Электр чыңалуусу бар сеть;
- Жабдуулардагы электр чыңалуусу;

- Тосулбаган учтуу инструменттердин кыры;
- Иштетилип жаткан материалдын сыныктары;
- Жогорулатылган физикалык жүк;
- Айлана-чөйрөдөгү абанын температурасынын көтөрүлүшү же төмөндөшү;
- Электриктин бийиктиктен жыгылышы;
- Нерселердин бийиктиктен түшүшү;
- Ызы-чуунун бийик көтөрүлүшү;

***2.Жумуш башталганга чейин электрикке коопсуздукту сактоо үчүн коюлуучу талаптар:***

2.1.Атайын кийимдерди кийүү,жекече коркунучтуу каражаттарды текшерүү;

2.2.Электрошиттердин ачкычтарын,башкаруучу пультту,оперативдик документтерди текшерүү;

2.3.Жеке жана коллективдүү иштетүүчү каражаттардын тууралыгын текшерүү;

2.4.Инструменттерди атайын сумкага,яшикке салып көтөрүү керек,чөнтөккө салбоо керек;

2.5.Иштеп жаткан мезгилде толук электр тогун өчүрүп иштөө керек;

2.6.Жогорку өтө коркунучтуу жумушту аткарууда толук максаттуу инструктаждан өтүү керек;

2.7.Иштеп жаткан зонага башка адамды киргизбөө керек. Айланадагы буюмдардан тазалап,иштөөчү орунду атайын белгилер менен тосуп коюу керек;

2.8.Жумуш мезгилинде бузук инструменттерди пайдаланбоо,жекече жана коллективдүү иштөөдө жумуштун башталышында ,жумуш үстүндөгү кемчиликтерди жетекчиликке билдирүү зарыл, бузулган инструменттер менен иштөөгө тыюу салынат.

Жумушту мөөнөтү өтпөгөн бузук эмес инструменттер менен иштөө керек;

2.9.Бир нече адамдар чогуу иштесе бир адам башчысы болуп дайындалат,ал коопсуздукту сактоого байкоо жүргүзүп турат;

*3.Жумуш мезгилинде эмгекти коргоо жана коопсуздукту сактоо боюнча электриктерге коюлуучу талаптар:*

3.1.Ар кандай коопсуздукту байкаган учурда,башка адамдарга коркунуч жөнүндө эскертүү керек;

3.2.Иштеп жаткан жерге тиешеси жок адамдарды киргизбөө,алаксыбоо керек;

3.3.Электр жабдыктардын бир нечеси бузулса,ирээти менен жетекчинин көрсөтмөсү менен ремонттоо;

3.4.Электр жабдыктарды ремонттоодо токту 2 ден кем эмес жерден өчүрүү керек. «Адам иштеп жатат,күйгүзбө!» деген плакатты илип коюу керек;

3.5.Электр жабдыктарды ремонттоо атайын текчелерде ,столдо ж.б. жерлерде ремонттолушу керек;

3.6.Атайын гайка,болттору менен иштөө керек,ар кандай трубаларды пайдаланбоо зарыл;

3.7.Деталдарды бурап киргизип-чыгарууда атайын куралдарын пайдаланып,коопсуздукту сактоо;

3.8.Деталдарды иштетүүдө тиске бекем бекитип,чеканка ж.б.иштерди иштетүүдө көз айнек, маскаларды пайдалануу керек;

3.9.Сварка иштетүүдө коргоочу көз айнекти пайдаланып,вентиляция иштеп турушу зарыл;

3.10.Ремонттолгон электр жабдыктарды сыноодо бекем бекитип,кыймылдоочу бөлүктөрү атайын тосмолор менен жабылуусу керек;

3.11.Бузулгандыгы тууралуу заявка журналга катталышы керек;

- Арыздын түшкөн күнү.
- Арыз берген адамдын аты-жөнү,кызматы.
- Бузулган прибордун орду.
- Техникалык иштерди аткарууда ток булагынан ажыратуу.
- Бузулган жер оңолгондо гана ток булагын кошуу керек.

3.12.Электрик дайыма электр жабдыктарынын оң абалда экенин текшерип туруусу зарыл;

3.13.Башкаруу пульту,шкаф ишенимдүү бек болушу керек.

Кароонун жыйынтыгы журналга жазылат.

3.14.электр жабдууларын ремонттоодо коргоочу инструменттер, атайын колкаптар менен иштөө.

Чыңалуунун алдында иштөөдө 2 адам иштөөсү керек,иштөөчү буюмдар атайын сумкага салынат;

3.15.Убактылуу өчүрүлгөн жабдыктарды токко кошууда,иштеп жаткан адамга токко кошо тургандыгын эскертип,жакшылап текшерип туруп кошуу;

3.16.Электрик жумушчу ордун таза,ирээттүү кармап,жараксыз буюмдарды жыйбоо зарыл;

3.17.Эрип кетүүчү предохранителди алмаштырууда:

- Чыңалууну өчүрүү
- Коргоочу көз айнек, резина колкап кийип, ток өткөрбөөчү килемге туруу керек;
- Предохранителди алганда атайын жабдыктар менен алуу керек;

3.18.Тез эрип кетүүчү нерселерди астына коюп иштөөгө болбойт;

3.19.Жарык берүүчү лампаларды ремонттоодо электр тогу менен камсыз болуш керек.Лампочкаларды алмаштырууда атайын коргоочу көз айнек пайдалануу зарыл;

3.20.Иштөөчү электроустановкалар энергетиктердин уруксааты менен кошулушу керек;

3.21.Энергетик жок болсо ,электрик өзү жетекчиликке алат.1000 Вко чейинки ремонт иштерин жүргүзө алат;

3.22.Электр жабдууларын кошуу же өчүрүү жазуу жүзүндө жоопту адамдын арызынын негизинде журналга түшүрүлүп турушу керек;

3.23.Этил спирти менен иштөөдө анын уу экендигин эске алуу керек;

3.24.Этил спиртин күйбөй турган идишке оозун бекем бекитип сакташы керек;

3.25.Жумушчу орунду бензин менен тазалоодо, бензиндин жарылуучу касиетин жана уулуу экендигин эстен чыгарбоо керек;

3.26.Жумушчу орунда, вентиляциялык тазалоо иштеринде 0,5л.ден ашык бензин колдонбоо керек.

3.27.Жумуш бүткөндөн кийин :

- Калган бензинди металл идишке герметик пробка менен бекитүү керек.
- Инструменттерди кургак чүпөрөк менен кургатуу.
- Колу-бетти самындап жууш керек.

*4.Жумуш убагы бүткөндөн кийин электрикке коюлуучу талаптар:*

4.1.Электр жабдууларын ,электр инструменттерин токтон ажыратуу;

4.2.Иштеген куралдарын жыйноо,өз ордуна жыйнаштыруу;

4.3.Өз иш ордун тазалоо,инструменттерди атайын шкафка коюу,калган таштандыларды контейнерлерге алып баруу;

4.4.Атайын кийимдерди тазалап коюу;

4.5.Жумушчу күнүндө болгон бардык эскертүүлөрдү завхозго же Колледж директоруна билдирүү;

*5.Авариялык мезгилде электрикке коюлуучу коопсуздукту сактоо боюнча талаптар:*

5.1.Авариялык учурда эскертүүчү жана коркунучтан четтетүүчү иштерди жүргүзүү;

5.2.электрик кокусунан өчүрүлгөн токту билиш керек.Ток эскертүүсүз кошулса,токтон кырсыкка учураган адамга биринчи жардам берүү керек,андан кийин медициналык кызматкерди чакыруу керек.

5.3.Өрт чыгып кетсе өрт өчүрүү кызматына 101,завхозго,Колледж директоруна билдирүү керек;

5.4.Авариялык учурда бардык техникалык иш чараларды жүргүзүп,коркунучту жок кылуу керек;

**Эмгекти коргоо боюнча ХИМИЯ окутуучулари үчүн көрсөтмөлөр:**

1. Химия окутуучусунун жалпы милдети.

1.1. 18 жаштан жогорку педагогикалык билимге ээ жана медициналык кароодон өткөндөр жумушка алынат.

1.2. Химия окутуучусу төмөнкүлөргө милдеттүү.

- Химия окутуучусу эмгекти коргоо боюнча көрсөтмөнү билүүгө, химия кабинетинин техникалык коопсуздугун, өрт коопсуздугун сактоого милдеттүү.
- Жумуш ордундагы киришүү көрсөтмөсүн билүүгө.
- Ички тартип эрежени билүүгө.
- Химия окутуучусунин иштөө убактысы, эс алуу графиги окутуучулар менен чогуу аныкталат;
- Электротехнологиялык кызматчынын квалификациясын билүүгө тийиш;

1.3. Химия кабинетинде иштөөдө төмөнкүдөй травмалык коркунучтар жаралат:

- ✓ Ар кандай кислотаны колдонууда.
- ✓ Лабораториялык айнек идиштерди колдонууда.
- ✓ Спирт шамын колдонууда.
- ✓ Химиялык реактивдерди колдонууда.
- ✓ Ар түрдүү эритмелерди колдонууда.

1.3. Химия кабинетинде (химиялык) реактивдерди жана заттарды сактоого болбойт.
1.4. Химия кабинетинде башка предметтерден сабак өтүүгө болбойт (бардык шарты түзүлгөн кабинетте).
1.5. Лабораториялык ишти (вытяжной) шкафтын жанында жасоо керек.
1.6. Химия кабинетинде аптечка, өрт өчүргүч каражаттар болушу керек.
1.7. Травма алган учурда Колледж администрациясына билдирүү зарыл.
1.8. Өздүк гигиена (сактоону) жана техникалык коопсуздугун сактоо керек. Атайын кийим менен иштеш керек. (халат, очки, перчатки)
1.9. Төмөнкү (милдеттерди) жалпы көрсөтмөлөрдү сактабаса администрациялык, материалдык, уголовный жоопкерчиликке тартылат.

2. Ишти баштоодо (аткарууда) химия окутуучусу төмөнкү коопсуздук эрежелерин сакташы керек.
   - ✓ Иш столунун даярдыгын текшерүү керек.
   - ✓ Практикалык ишти аткарууда химиялык реактивдердин, лабораториялык куралдардын толук экенин аныктоо керек.
   - ✓ Вытяжной шкафтын иштөөсүн аныктоо керек.
   - ✓ Кабинетти желдетүү керек.
   - ✓ Мугалимсиз кабинетке окуучуларды киргизүүгө болбойт.
   - ✓ Кабинеттин тазалыгына, ирээттүүлүгүн көзөмөлдөө керек.
3. Химия окутуучусу иш үстүндө коопсуздук эрежесин сактоосу.
   - ✓ Окуучулар менен лабораториялык-практикалык ишин өткөрүүнүн инструкциясын (көрсөтмө) иштеп чыгуу жана тааныштыруу.
   - ✓ Эмгектин жеке коопсуздугун сактоо.
   - ✓ Окуучуларга жумушчу кийим (халат) берүү (мүмкүнчүлүгүнө жараша).
   - ✓ Иш ордундагы ирээттүүлүктү көзөмөлдөө.
   - ✓ Эскерткич инструкциясынын туура аткарылышын көзөмөлдөйт.
4. Авариялык кырдаалдардагы коопсуздук талаптары.
   - ✓ Авариялык кырдаал убагында, окуучунун өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирбеш үчүн чара колдонуп тез ара ичинде эвакуацияланышы керек.
   - ✓ Администрацияга болгон авариялык кырдаал жөнүндө кабар берүү.
   - ✓ Жабырлануучуларга биринчи жардам көрсөтүш керек.
   - ✓ Кокустан ооруп калган окуучуларга медкызматкерлерин чакыруу .
5. Химия окутуучусунун техникалык коопсуздук боюнча сабак бүткөндөн кийинки иш аракеттери.
   - ❖ Сабак бүткөндөн кийин химреактивди, химиялык идиштерди, көрсөтмө куралдарды лабораториялык бөлмөгө коюш керек.
   - ❖ Вытяжной шкафты өчүрүү.
   - ❖ Иш ордун ирээтке келтирүү.
   - ❖ Жумуш киймин (очки, мээлей) чечип коюу.

- ❖ Электр жарыгын өчүрүү, кабинетти ачкыч менен бекитүү.
- ❖ Сабак учурунда жетпей калган кемкарчтарды администрацияга билдирүү.

6. Химия кабинетинде биринчи жардам боюнча талаптары.

6.1. Сыныкта.

- Эч кандай кыймылдатпай , шак-шак менен байлап коюш керек.
- Ачык сыныкта – кандын агышын токтотуп, стерилыный таңуу менен шак-шакты таңып чыгуу.
- Омуртка сынганда –көмкөрөсүнөн жаткырып төшүнө валик коюп алып жөлөө керек.

6.2. Электр тогунан жаракат алганда.

а) Тез аранын ичинде электр тогун өчүрүү, рубилникти ажыратуу, жабырлануучуну кургак материал менен электр зымынан ажыратып алуу.

б) Жардам берип жаткан адам, өзүнүн коопсуздугун сактап колун кургак материал менен ороп кургак тактайдын же калың желимдин үстүндө турушу керек.

в) Күйгөн жерди кургак таңуу менен таңыш керек.

г) Жылуу суу ичириш керек.

д) Жабырлануучу дем албай калса жасалма дем алдыруу жасаш керек.

6.3. Чыгып кеткенде.

а) Муздак компресс жасоо

б) Ороп таңыш керек.

6.4. Эс учун жоготкондо.

а) Жабырлануучуну чалкасынан жаткырып башын капталына кыйшайтып, тизесин бүгүп коюу.

б) Таза абага алып чыгуу.

в) Жакасын, курун, топчуларын, кийимин чечүү.

г) Нашатрь спиртин жыттатуу.

д) Жабырлануучу эсине келгенде жылуу суу берүү.

6.5. Күйгөндө.

А)Күйүп жаткан кишиге жууркан,пальто жаап жалынды өчүрүү;

Б)Кийимди кескилеп чечүү;

В)Күйгөн жерге муздак сууну куюуу;

Г)Күйгөн жерге спиртке же аракка ж.б.чыланган салфетка менен компресс кылуу;

Д)Жабырлануучуга ысык чай берүү;

6.6 .Мурундан аккан канды токтотуу үчүн:

А)Таза абага алып чыгуу;

Б)Башты чалкалатуу;

В)Мурундун тегерегине муздак басуу;

Г)Перекис водородго чыланган ватаны мурун көңдөйүнө салуу;

6.7. Кан агуудагы биринчи жардам:

А)Кан аккан жерди өйдө көтөрүү;
Б)Катуу таңуу;
В)Артериядан аккан канды токтотуу үчүн-кан аккан жердин жогору жагынан бармак менен катуу басуу;
Г)бекем бууп салыш керек;
6.8. Тамакка ууланганда:
А)Ууккан адамга бир нече литр суу берүү;
Б)Жабырлануучуну кустуруу;
В)Ич алдыруучу порошок берүү;
Г)Ысык чай берүү;
6.9. Мээ чайкалганда:
А)Башын бир аз көтөрүп,чалкасынан жаткыруу;
Б)Башына муздак басуу;
6.10. Ички органдардан кан акса:
А)Жабырлануучуну чалкасынан жаткырып тизесинин алдына одеал же кийимдерден бийиктетип коюу;
Б)Кан агышынан шектенген жерлерге муздак нерсе басуу керек;

## ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА ФИЗИКА ОКУТУУЧУЛАРГЕ КӨРСӨТМӨ.

1. Физика окутуучусунин жалпы коопсуздук талаптары:

Физика мугалимдин жумушчу орду окуу кабинети, лабораториялык кабинет эсептелет.
Физика кабинети төмөнкү куралдар менен жабдылган.
а) Окуучулар үчүн жумуш ордулары- стол, стулдар.
б) Демонстрациялык жана лабораториялык куралдар салынган шкафтар.
в) 10см жогору турган мугалим үчүн демонстрациялык стол.
г) Колледжтин жана класстын доскасы.
Физика лаборатория кабинетинин жабдылышы.
а) Электро шит КЭФ (чыңалуу 220 В) окуучулардын жумуш столуна 36 В чыңалуу менен берилет.
б) Суу түтүгү жана рокавина.
в) Демонстрациялык, мультимедиялык жана лабораториялык жабдуулар.
Ар бир физика окутуучусу жумушка кирээрдин алдында милдеттүү.
а) Физика окутуучусу эмгекти коргоо боюнча жана техникалык коопсуздук боюнча алгачкы инструктаждан өтүп атайын журналга каттап туруу керек.
б) Жогорку билимдүү болушу керек.
Медициналык китепчеси болуш керек, бир жылда бир жолу медициналык кароодон өтүшү керек.
г) ар бир 6 айда эмгекти коргоо боюнча инструктаждан өтүп турушу керек.

Физика окутуучусу негизги көндүмдү лабораториялык жана практикалык иштерди төмөндөгүлөрдү пайдалануу менен эксперименттерди жүргүзүүдө эмгек жана техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо.

- Чыңалууда турган электро куралдар.
- Колдонууга ыңгайлуу жылытуучу приборлор.
- Ысык суу
- Айнек идиштердеги абаны сордуруу үчүн насос.
- Айнектерден турган приборлор.

Лабораториялык иштер, тажрыйбалар жүргүзүлүп жаткан учурда, физик окутуучусу ак халатчан, такасы жок бут кийим кийиши керек.

- Физика кабинетинде булар болушу керек.
- Резина килемчеси
- Мугалим үчүн резина колкап
- Изоляцияланган кармагычы менен куралдар.
- Өрт өчүрүүчү куралдар.
- 1-медициналык жардам көрсөтүүчү аптечка.
- Кум салынган чака күрөгү менен.
- Тез чыккан өрттү өчүрүү үчүн колдонулучу кийиз (жапкыч.)

Физика окутуучусу физика кабинетинде санитардык-гигиеналык ченемди, өздүк гигиенаны байкап, керек учурда эскертүү берип турат.

**2. Жумуш башталаарда физика окутуучусуне коюлуучу коопсуздук боюнча талаптары.**

2.1. Окуу сабагы башталарда физика окутуучусу текшерет:

- Жумушчу орундардын тазалыгын, абалын, тыкандыгын
- Шкафтардын жыйнактуулугун, приборлордун бүтүндүгүн.
- Электр өткөргүчтөрүнүн бүтүндүгүн, иштей тургандыгын, окуучулардын столуна, окутуучулардин столуна туура туташтырылгандыгын.
- Терезелердин бүтүндүгүн, сакталышын.

2.2. Ар бир тажрыйба жүргүзүүдө лабораториялык иштин башталышында физика окутуучусу:

- Сабакка чейин лабораториялык куралдарды жетиштүү өлчөмдө тыкандык менен окуучулардын столуна коюшу керек.
- Сабакка чейин жабдыктардын оң экендигин демонстрация жана экспереметтердин коопсуздугун текшерет.
- Сабактын башталышында окуучуларга коопсуздук эрежелерин үйрөтөт, экспереметти, лабораториялык иштердин ыкмасын үйрөтөт.
- Тыныгуу учурунда жана сабак учурунда кароосуз калтырбайт.

**3. Физика окутуучусуне жумуш убагында коюлуучу коопсуздук талаптары.**

3.1. Мугалим ар бир лабораториялык ишти аткарууда сөзсүз эмгекти коргоо боюнча окуучуларга инструктаж өткөрөт.

3.2. Эксперементти өткөрүү убагында жумуш аткаруунун коопсуздугун түшүндүрөт.

3.3. Лабораториялык ишти аткаруу учурунда окуучуларды кароосуз калтырууга болбойт.

- Окуучуларды жумуш аткаруу учурунда тартипти сактагандарын байкоо керек.
- Окуучулар эксперемент учурунда башка предметтерди колдонбоого тийиш.

3.4. Физика сабагынын учурунда кабинетте чоочун адамдар болушуна көз салышы керек.

3.5. Физика кабинетине тамак-аш, суусундуктарды алып келбөө керек.

3.6. Айнек приборлор менен иштөөдө:

- Айнек трубкаларды этият кармоо керек.
- Резина жана айнек трубкаларды бириктирүү үчүн диаметрлери бирдей болушу керек.
- Тажрыйба жүргүзүүдө айнек идиштин жаракасы болбошу керек.
- Айнек идиштерди колдонууда температуранын тез өзгөрүшү, механикалык урунуулар болбошу керек.

3.7. Абанын же ысуунун натыйжасында идиш талкаланып кетиши мүмкүн, ошондуктан окуучулар да коргоочу экран жана мугалим коргоочу көз айнек кийиши зарыл. Эгерде айнек прибору сынып калса сыныктарын кол менен тергенге болбойт. Бул үчүн шётка жана калак колдонулат. Ушундай эле жол менен металл таарындысын тазалоого болот.

3.8. Суюктук муздамайынча капкагын жаппаш керек. Корголбогон колдор менен ысык, суюктук куюлган сосуду кармоого тыюу салынат.

3.9. Физика кабинетинде колдонулган жегич (шакар) аккумуляторлорду пайдаланууда алгач завод өндүрүүчүлөрдүн көрсөтмөлөрү (инструксялары) м-н таанышат.

3.10. Электр кыймылдаткычтарында дискте айландыруучу жыштыктарды чектен ашырбоо керек, чачырап кеткен бөлүкчөлөрдөн окуучуларды коргоо үчүн коргоочу экраны болушу керек.

3.11. Ток күчүнүн чыңалуусун өлчөө үчүн ченөөчү приборлорду жакшы эч жеринде кесиги жок өткөргүчтөр менен сайгычтар менен туташтыруу керек. Демонстрациянын алдында приборлордун жакшы туура туташтырылганын байкоо керек.

3.12. Выпрямителди токко сайылгандан кийин иштетүү.

3.13. Электр жана радио түзүлүштөрдү кароосуз калтырбоо.

3.14. Жогорку чыңалуудагы (электрофордук машинаны) колдонууда сак болуу керек.

Ток өткөрүүчү өткөргүчтөргө, бөлүкчөлөрдү кол менен тийбөө керек, жогорку чыңалуудагы электр өткөргүчтөрдү алмаштырууда изолировать этилген кол кап менен кармоо зарыл. Жумуш аяктаганда конденсаторду , өткөргүчтөрдү ажыратуу керек.

3.15. Лабораториялык иштерди аткарууда жылуулук балансын сактоого сууну 70° с тан ашырбай жылытуу керек.

3.16. Электр куралдарын удаалаш туташтырылган, жалпы ажыраткычтан ажыратуу керек.

4. **Физика окутуучусуне жумуш бүткөн учурда коюлуучу талаптар**.

4.1. Физика окутуучусу лабораториялык иштер бүтөрү менен куралдардын сакталышын , алардын абалын текшерет.

4.2. Электр приборлорун ток булактарынан ажыратат.

4.3. Физика окутуучусу лаборанттын жардамы менен лабораториялык иште колдонулган куралдарды жана материалдарды жыйнайт жана аларды текшерет.

4.4. Окуучулардын жумуш орундарын жыйнашын текшерет.

4.5. Физика кабинетинен окуучулар толугу менен чыкканын мугалим текшерет.

**5. Физика кабинетиндеги жана лабораторияда авариялык кырдаалдагы коопсуздук талабы.**

5.1. Эгерде окуучулардын өмүрүнө коркунуч келтире турган авариялык кырдаал байкалса, тез арада эвакуация кылуу керек.

5.2. Электр тармагын өчүрүү керек.

5.3. Өрт учурунда өрт кароолуна телефон чалыш керек тел: (01) (101)

5.4. Болуп өткөн окуя жөнүндө администрацияга билдирип, аварияны ликвидация кылыш керек.

5.5. Жогорку чыңалуудагы электр өткөргүчтү өрт өчүрүүчү жапкыч (кийиз) менен өчүрүү керек, андан сырткары кум менен , суу менен башка колдо болгон нерселер менен өчүрүү сунуш кылынат.

5.6. Травматизге байланыштуу нерселер болсо, жабыркагандарга 1-жардам көрсөтүү зарыл.

5.7. Окуучу кокусунан ооруп калса, медицина кызматкерин чакыруу зарыл.

## ӨРТ КООПСУЗДУГУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ:

<u>Өрттүн келип чыгышынын негизги себептери</u>.

- Отко шалаакылык менен мамиле жасоо.
- Газ жабдууларын, электр приборлорун иштетүүдө, мешке от жагууда коопсуздук техникасынын эрежелерин бузуу.
- Электр ширетүү жана күйгүзүү иштерин жүргүзүүнүн эрежелерин бузуу.
- Кокусунан же атайылап өрттөө.
- Коопсуздукту тоотпогондук,өрттөн болуучу кесепеттерди билбегендик же маани бергендик.
- Чагылгандын түшүшү.
- Балдардын от менен, өзгөчө ширеңке менен ойношу.
- Өзүнөн өзү күйүү.

<u>Башталган өрттүн белгилери:</u>

- ✓ Түтүндүн жыты.
- ✓ Анча-мынча от, жалын.
- ✓ Күйгөн резинанын же пластмассанын мүнөздүү жыты, электр тармагындагы чыңалуунун төмөндөшү,электр энергиясын берүүнүн үзгүлтүккө учурашы-электр өткөргүчтөрүнүн күйүшүнүн белгилери.
- ✓ Подьездде, тепкич аянтчаларында адамдардын тынчсыздана жүгүрүүсү.

Өрт учурунда иш-аракеттер:

*Кырдаалды тезинен баалоого аракет кылыңыз.*

- Эгер жалын анчалык чоң эмес болсо,суу чачып же анын очогун чүпөрөк жаап өзүңүз өчүрсөңүз болот.
- Эгер электр приборлору күйүп жаткан болсо (телевизор,үтүк ж.б.)токтон ажыратыңыз.
- Качан гана өрт токтогондугуна көзүңүз жеткенден кийин түтүн болгон имараттын ичин желдетиңиз.

*Эгер имараттын көпчүлүк бөлүгүн өрт каптаган учурда көрүп калсаңыз:*

- ✓ Тезинен «101» номери боюнча «Бирдиктүү күзөт-диспетчердик кызматына» телефон чалгыла.
- ✓ Эң башкысы калктын негизги бөлүгү болгон балдарды, карыларды жана аялдарды эвакуация зарыл.
- ✓ Элди алып чыгууда өрттөнүп жаткан жерден перпендикулярдуу өтүү керек.
- ✓ Ооз менен мурунду нымдалган кебез-марлиден жасалган таңуу, жоолук,сүлгү менен жабуу зарыл.

Эгер адамдын кийими күйүп жаткан болсо:

- ❖ Күйүп жаткан кийимди тезинен чечүү.
- ❖ Күйүп жаткан кийим менен чуркоого болбойт.
- ❖ Жерге тоголонбош керек.
- ❖ Башты,бетти,көздү кол менен калкалоо.
- ❖ Өчүрүү үчүн өрт өчүргүчтү колдонууга болбойт.
- ❖ Сууга чумкуу же суу жаба куюу.
- ❖ Карга жата калуу.
- ❖ Күйүүнүн продуктыларына уугуп калбоо үчүн башты ачык калтырып,ным чүпөрөк менен денени жабуу.
- ❖ Денеге жабышып калган кийимди сыйрыбоо.
- ❖ Жабыркагандарга медициналык жардам көрсөтүп, тынчтандырып, ооруканага тезинен жеткирүү керек.

**ДЕНЕ ТАРБИЯ ОКУТУУЧУСУНИН ЭМГЕКТИ КОРГОО БОЮНЧА ИНСТРУКЦИЯСЫ**

- Окуу программасына ылайык спорттук жайлар нормага ылайык жабдылышы керек:

1. **Чоң жана кичинекей спорт залдар:**
   - Стандартка ылайкы волейбол, баскетбол, сеткалар жана топтун түрлөрү болууга тийиш
   - Гимнастика көнүгүүлөрү үчүн (маттар, параллелдүү брустар, 2 спорттук ат, швед дубалы, гимнастикалык аркан, гимнастика таякчаларынын набору, скакалка, шакекче, штангалар, гантелдер)
2. Тренажердук зал (булчуңдарды машыктыруу үчүн штангалар);
3. Спорттук кийим чечүү жайлар (балдар жана кыздар үчүн);
4. Хореографиялык класс, дубалдагы күзгүсү жана видео, аудио аппаратурасы менен;
5. Спорттук аянтча, баскетбол, волейбол ойноочу жайлар;
6. Дене тарбия окутуучулари эс алуучу тренердик бөлмө;
7. Спорттук инвентарларды сактоочу жай;

- Материалдык база, дене тарбия окутуучуларга, окутууга-тарбиялоого, ден соолукту чыңдай турган тапшырмаларды чечүүгө жардам берет.
- Дене тарбия окутуучусу жумуш убагында төмөндөгүлөргө милдеттүү:

а) окутуу учурунда ар бир жаңы теманын алдында каттоо журналына кириш инструктаж жөнүндө жазат;

б) дене тарбия окутуучусу жогорку билимдүү болушу керек;

в) мед.китепчеси болуш керек, ар бир 6 айда медициналык кароодон өтүп туруусу керек;

г) ар бир 6 айда эмгекти коргоо боюнча инструктаждан өтүп туруусу керек;

д) жылына 2 жолу дене тарбия окутуучусу эмгекти коргоо нормасы боюнча жана коопсуздук боюнча зачет берет;

ж) спорт аянтчасында окуучулардын формасы аба ырайынын температурасына жараша болушу керек;

е) 1-сабак эрежеге ылайык $8^{30}$ да башталат. Дене тарбия окутуучусу сабакка 30мин.калганда инвентарларды текшерип, алардын абалын караш керек;

з) Окуу процессинде мугалим спорттук кийим жана спорттук бут кийимчен болуу керек, окуучулардан да талап кылуу керек;

***2 Коопсуздукту сактоо боюнча сабак башталардын алдында дене тарбия окутуучуларга коюлуучу талаптар:***

2.1. Сабак башталар алдында инструктаж өткөрөт, көнүгүүлөрдүн эрежелери менен тааныштырат.

2.2. Жумуш башталаарда мугалим спорттук кийимин кийет. Инвентарларды текшерет;

2.3. Эгерде снаряддын бир жеринде кемчилик бар болсо, алмаштырылат;

2.4. Спорттук оюндардын учурунда сөзсүз түрдө топторду, полдун нымдуулугун, волейбол сеткасынын тартылышын, баскетбол шиттеринин бекемдигин текшерүү керек;
2.5. Гимнастика менен машыгуунун алдында маттарды, швед дубалынын бүтүндүгүн текшерет;
2.6. Бардык спорттук жайларда температуралык режимди, желдетүүнү, жарыкты, өрт өчүрүүчү жабдыктарды кароо керек;
2.7. Дене тарбия окутуучусу, чуркоочу жолдун кургактыгын, футбол талаасын, спорт снарядын кароо керек;
- Секирүүчү аүда травма алып келүүчү нерселерди (таш, айнек, таяк ж.б.) кароо керек;

2.8. Дене тарбия окутуучусу көнүгүүлөрдү аткаруунун эрежелерин, спорт жабдыктарын, инвентардын колдонулуштарын түшүндүрүп берет;
2.9. Дене тарбия сабагында тыюу салынган нерселер жөнүндө түшүндүрөт;
2.10. Дене тарбия окутуучусу сабак башталарда окуучуларга инвентарды: топторду, скакалкаларды, гимнастикалык таякчаларды , шакекчелерди, ыргытууга ылайык гранаталарды колдонуунун эрежелерине үйрөтүү;

**3. Коопсуздукту сактоо боюнча сабак учурунда дене тарбия окутуучусуна коюлуучу талаптар:**

3.1. Дене тарбия окутуучусу сабакка тапшырманы коет, туура аткарылышын жана сабак учурунда конфликтерди көзөмөлдөйт;
3.2. Дене тарбия окутуучусу окуучулардын спорттук формасын, бут кийимин, өздүк гигиенасын көзөмөлдөйт;
3.3. Дене тарбия окутуучусу көнүгүүлөрдү аткарууну, спорттук снарядды ыргытууну, топтордун туура берилишин көзөмөлдөйт;
3.4. Дене тарбия окутуучусу жумуш процессинде авариялык кырдаалдар жөнүндө эскертет;

- Колледжтин территориясында , спорттук жайларда тамеки чегүүгө болбойт;
- Окуучуларды кароосуз калтырбайт;
- Авариялык эшиктерди ачык коёт;
- Электр жабдыктарынын оң экендигин текшерет;
- Авариялык кырдаалда Колледжтин эвакуация схемасын билүү керек;
- өрт өчүрүүчү куралдарды колдонгонду билет;
- 1-тез жардам чакыруунун белгилерин билет;

3.5. Аба ырайы өзгөрүлүп калса, тренажер шаймандар сынып калса мугалим сабакты дароо токтотуу керек;

**4. Коопсуздукту сактоо боюнча сабак бүткөндөн кийин дене тарбия окутуучусуна коюлуучу талаптар:**

4.1. Дене тарбия окутуучусу кийинки сабак өтүүчү мугалимге спорттук обьектилерди, машыгуучу шаймандарды оң абалда орду менен толук өткөрүп берет жана бузук абалдары боюнча билдирет;

4.2. Сабактын аягында мугалим спорт залдын тазалыгын кароо керек.

4.3. Окуу процессинде жетишпей калган нерселерди директорго, дежурный администрацияга билдирүү керек.

**5. Авариялык мезгилде коопсуздукту сактоо боюнча дене тарбия окутуучусуна коюлуучу талаптар:**

5.1. Дене тарбия окутуучусу сабак учурунда ден соолукту чыңдоо иш чараларында өрт коопсуздугунун эрежелерин сактайт. Эреже бузуучулар байкалса, иштелип чыккан жана бекитилген пландар боюнча иштейт;

5.2. Ооруп калган катышуучулар болсо (оору, травма ж.б.) медкызматкерге, Колледж администрациясына кабарлайт;

5.3. Авариялык кырдаал жаралса;

- Администрацияга, директорго;
- өрт кароолуна (тел. (101) ) ;
- Окуучуларды өз убагында эвакуация кылууга;
- Электр жабдууларын өчүрүүгө;

**6. Биринчи жардам көрсөтүүдө коюлуучу талаптар:**

6.1. Сынган учурда:

А) Кабыргалар сынганда,жабыркаган адамга өпкөсүндөгү демди колдон келишинче чыгарып,андан кийин терең эмес үстүртөн дем алууга ыңгайлаштырып,көөдөндү бек таңышат;

Б)Омуртка тутуму сынган адамды түптүз катуу жерге көмкөрөсүнөн жаткырып,тез жардам чакыруу керек.Кырсыктаган адамды отурган абалда таңууга болбойт,жүлүнгө доо кетиши мүмкүн;

В)Баш сөөгү сынган адамды чалкасынан жаткырып,мээге кан куюлуп кетпес үчүн анын башын бир аз өйдөлөтүп,тез жардам чакыруу керек;

Г)Ачык сыныкта кандын акканын токтотуп, жаратты тазалап, таза бинт же материал менен таңып, шакшак коюп, доо кеткен жерди кыймылдатпаш керек;

6.2.Электр тогуна урунганда:

- электр тогун ток булагынан өчүрүү керек, кургак чүпөрөк менен өткөргүчтү алуу;
- жылуу нерсе ичүү;
- жасалма дем алдыруу;

6.3. Эт чоюлууда:

- муздак компресс коюу;
- повязка байлоо;

6.4. Эси ооп калган учурда:

- аба жеткендей чалкасынан жаткыруу;
- жакасын, кийимин чечүү;
- нашатырь спиртин жыттатуу керек;
- эсине келгенде ысык тамак берүү;

6.5. Термикалык күйүүдө:

- жалынды өчүрүү, жабырлануучуга одеяло жабуу ж.б.
- кийимди кесүү;
- күйгөн жерге муздак суу агызуу, спиртке чыланган салфеткаларды жабуу;